# ӨМҮР МАЙРАМЫ

Карачы жашоо кандайын,

Кайгысыз тунук ар дайым.

Ойдогу тилек ишке ашпайт,

От болуп күйүп жанмайын.

Бакытка тунуп чар-тарап,

Башталсын күндө салтанат.

Наристе жылмаюсунан -

Бейпилдик шаттык байкалат.

Кайырма:

Жаркырап сүйүү таңдары,

Жансын шамдары.

Өркүндөй берсин ар дайым,

Өмүр майрамы.

Карачы дүйнө керемет,

Канаттуу кыял эбелек.

Адамдын көөнү мындайда,

Ак булут менен теңелет.

Кайырма:

Жуса Касиетов.